# Жаш мугалимдин ишине анализ.

2022 -2023 -жылы.

# Жаш мугалим Аблабекова Эркебүнүн сабактары боюнча берилген анализи

Аблабекова Эркебү 2022-2023 окуу жылында экинчи жылы иштеп жатат. Окуу жылында иш пландары түзүлгөн.
Бул окуу жылында даярдоо классы менен иштейт.
Календардык планы түзүлүп бекитилген.
Календардык планды түзүүдө анча-мынча катаасы бар. Катааларды оңдоду
Журнал туура толтурулган . Окуучулардын дептерлери туура уюштурулган . Дептерлерди убагында текшерип турат . Календардык пландын негизинде күндөлүк план жазат. Сабак өтүүдө уюштуруу жагы начар. Уюштуруу жагына кеңеш берилди.
Көрсөтмө куралдарды колдонуп сабакты көрсөтмөлүүлүк менен өтөт . Мектепте жүрүм-турум эрежелерин билет.
Методикалык жардам берилип турат.
Сунуштарды туура кабыл алат,жумушка болгон аракети жакшы.

Жаш мугалим Аблабекова Эркенин сентябрь октябрь айларындагы ишине анализ

Жаш мугалим Аблабекова Эркебү 2022-2023-окуу жылында даярдоо классы менен иш алып барат

Окуу жылында аткарылуучу иш планы түзүлгөн Даярдоо классына кеп өстүрүү математика айлана-чөйрө менен таанышуу кеп өстүрүү сабат ачуу көркөм адабият сабактарынан календардык план түзүлгөн Календардык пландын негизинде күндөлүк план жазылып жатат Күндөлүк планды жазууда жардам көрсөтүлгөн Күндөлүк план жазууда сабактын максатын туура коюуга сунуш берилди Сабактардын планы ар бир сабакка убагында жазылып жатат

Коллективде мугалимдин орду педагогикалык кызматташуу жөнүндө толук билет Мугалимдик жүрүм-турум эрежелерин сактайт

Журналды туура толтуруу боюнча жардам берилди Окуучулардын фамилиясы сабактардын аталышы регламент окуучуларды жоктоо боюнча түшүнүк алды Журналдар туура толтурулуп жатат Окуучулардын дептерлери уюштурулган

Дептерлер убагында текшерилип турат Өнөр сабагыдан папка уюштурулган Папкада альбом калем сап өчургүч пластилин түр кагаз сызгыч кайчы бар

Сабак өтүүдө мугалимдин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча сунуштар айтылып методикалык жардам берилип турат Сабактын түрлөрү жалпылаштырылган сабак аралаш сабак жаны материалды түшүндүрүү Бышыктоо сабактары эс алдыруучу көнүгүүлөр үй тапшырмаларын текшерүү боюнча сунуштар айтылды Даярдоо классынын балдарына көбүнчө оюн сабактарын өтүү сунушталды Окуучулар менен жекече иш алып баруу жолдорун билет Предметтик сабактарда ийримдерди уюштуруу керек Дубал газетага окуучулардын жетишкендиктерин чагылдыруу боюнча кеңеш берилди Предметтик отчетту жазуу чейректик жыйынтыктар туура жазылган

**Жаш мугалим Аблабекова Эркебүнүн ноябрь декабрь айларындагы иштерине анализ**

Окуучулардын дептерлерин текшерүү ыкмаларын туура колдонот Дептерлер убагында текшерилип турат Баалар туура коюлган Класста өзгөчөлөнгөн балдар менен иш алып баруу боюнча кенештер берилди Сабакта колдонулуучу көрсөтмө куралдар дидактикалык материалдар ТСО менен иштөөнү үйрөнүп жатат Сабактарында колдонот Окуучулардын чыгармачылык изденүүсүн өнүктүрүүгө аракет кылат Интернет булактары гезит журналдар менен иштейт Мектептин тажрыйбалуу мугалимдеринин сабактарына катышып алардын сабак өтүүдөгү ыкмаларын үйрөнүп сабагында колдонгонго аракеттенет Класстан тышкаркы иштерди уюштурат

**Жаш адиске кеңеш.**

1. Мектептен өзүңдү жана өз жашоо образыңды тап.Мугалим – бул өнүгүүнүн локомотиви.

2. Мугалимдин ишин комплекстүү- ар тараптуу кара. Окуучу бардык суроосуна жооп күтөт.

3. *Жашоого оптимисттик көз караш менен карап, позитивдүү ой жүгүрткөнгө үйрөн.*

4. Башкалар менен ылайыгына жараша юмор аралаштырып сүйлөгөндү адатка айландыр.

5. Окуучуларды түшүнүүгө дайым даяр бол, анткени сенин жылуу мамилең сен айткан сөздү кабыл алууга жол ачат.

6. Ар күнү сабакка дыкат даярдануу жана сабактын көрсөтмөлүүлүгү үчүн аракет кылуу- сенин ийгиликке тепкичиң экенин унутпа.

7. Билбеген, түшүнбөгөн нерсеңди сураган уят эмес, аракет кылбаганың уят. “Билгениң – 9, билбегениң – 99”деген макал барын эсиңде сакта.